

3

## Чоң мээнетти талап кылган кымындай эмгек

Коркмаз Нежати дүйнөдөгү үч микро айкелчинин бири. Ошол эле учурда ал губари чебери да. Микро айкелчилерди башкалардан өзгөчөлөнткөн нерсе алардын жалгыз гана микроскоп же чоңойтуучу приборлордун жардамы менен айкел жасашканы.



5

## “Театр иш эмес, театр – бул жашоо”

Түрк театрындагы белгилүү ысымдардын бири – Халдун Дорнен ысымы. Бул адам аткарган ролдору, койгон оюндары жана оргуштаган энергиясы менен театр сүйүүчүлөрдүн идолуна айланган. Холдун Донер бир эле учурда театр менен кошо окутуучу, директор, актер, котормочу болуп талбай иштеп келатат.


# ГЕЗИТИ Манас

КЫРГЫЗ ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ МАРТ 2018 / САНЫ: 65 www.manas.edu.kg




7

## Кыргыз тарыхын өзгөрткөн айым: Курманжан датка

Курманжан датка кыргыз тарыхындагы маанилүү, өзүн баатыр аял катары көрсөткөн эр жүрөк кыргыз аялы. Ал 1811-жылы Ош калаасынын жанында жайгашкан Мады айылында жарык дүйнөгө келген. Алтай кыргыздарынын башчысы Алымбек даткага турмушка чыккан. Жолдошунун өлүмүнөн кийин анын ордуна такка отурган кыргыз тарыхындагы алгачкы датка аял атанган. Анын башкаруусу учурунда ал бүткүл Орто Азия жана Орусияга таанымал болуп, урмат-сыйга ээ болду. Датка 97 жылдык өмүрүнүн 76 жылын өз өлкөсүнө арнаган.



2

# "Манаста" Нооруз шаңы

*Жаңы жылдын жана жаздын жарчысы болгон Нооруз Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде (КТМУ) жылдагыдай эле бул жылы да шаңдуу өткөрүлдү. Атайын Ноорузга арналган майрамдык программанын алкагында ачык асман алдында салттык оюндар, эстафеталар, тамак жарманкеси, дефиле жана концерт уюштурулду. 2018-жылдын 21-мартында Нооруз салтанаты Чыңгыз Айтматов кампусундагы Касым Тыныстанов атындагы жыйын залында болуп өттү. Программага КР маданият, маалымат жана туризм министринин жардамчысы Азамат Жаманкулов, Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Женгиз Камил Фырат, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү Атынч Кескин, Ооганстандын элчиси Мухаммед Исса Месбах, Өзбекстандын элчиси Комил Рашидов, Түркменистандын элчиси Шадурды Мередов жана Бишкектин жогорку окуу жайларынын ректорлору жана өкүлдөрү, КТМУнун жогорку башкаруу өкүлдөрү, ТР өкмөтүнүн кызматташтыгы, Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин башкармалыгынын координатору Али Муслу, окутуучулар, студенттер жана ЖМКнын өкүлдөрү катышышты.*



4

## Акыркы үмүт – тилемчилик

Тилемчилик жокчулуктун айынан жасалган иш. Тилекке каршы, же көчөдө, же таш жолдун так ортосунда, же мечит алдында алакан жайып кайыр сурап отургандарды бүгүнкү күндө көп жолуктуруп калдык. Кайыр сурагандын жанынан кээде боор ооруп карап, а кай бирде бейкапар өтүп кете беребиз. Кайыр суроо акча табуунун оңой жолубу же зарыктырган муктаждыкпы?

# "Манаста" Нооруз шаңы

***Жаңы жылдын жана жаздын жарчысы болгон Нооруз Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде (КТМУ) жылдагыдай эле бул жылы да шаңдуу өткөрүлдү. Атайын Ноорузга арналган майрамдык программанын алкагында ачык асман алдында салттык оюндар, эстафеталар, тамак жарманкеси, дефиле жана концерт уюштурулду.***




2018-жылдын 21-мартында Нооруз салтанаты Чыңгыз Айтматов кампусундагы Касым Тыныстанов атындагы жыйын залында болуп өттү. Программага КР маданият, маалымат жана туризм министринин жардамчысы Азамат Жаманкулов, Түркиянын Кыргызстандагы элчиси Женгиз Камил Фырат, Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү Атынч Кескин, Оогандын элчиси Мухаммед Исса Месбах, Өзбекстандын элчиси Комил Рашидов, Түркменистандын элчиси Шадурды Мередов жана Бишкектин жогорку окуу жайларынын ректорлору жана өкүлдөрү, КТМУнун жогорку башкаруу өкүлдөрү, ТР өкмөтүнүн кызматташтыгы, Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин башкармалыгынын координатору Али Муслу, окутуучулар, студенттер жана ЖМКнын өкүлдөрү катышышты.

Программада сөз сүйлөгөн ректор, проф., докт. Себахаттин Балжы: "Түрк дүйнөсү үчүн жаңы жыл бул Нооруз болуп эсептелет. Нооруз бардык жаңылыктардын, жаңы башталыштын, жаңы сезимдердин жана жаркын келечектин белгиси. Бул маанилүү күнү Кудайдан университетибизге ынтымакты, жакшылыкты жана бакытты сурайбыз. Жашап жаткан ата журтубуз болгон Кыргызстаныбыз, Түркиябыз, түрк дүйнөбүз, ислам дүйнөсү жана бардык адамзаты үчүн Нооруз бир гана жакшылыкты алып келишин тилейбиз. Бир гана адамзаты эмес, табият үчүн башталыш болгон Нооруз бардык жан-жаныбар, жаратылыш үчүн жаңы башталыш болсун деп тилейбиз. Биз бул дүйнөнү ата-бабаларыбыздан мурас катары алсак, бизден кийинки муунга аманат катары тапшырарыбызды унутпайлы".

Ал эми КТМУнун Биринчи проректору проф., докт. Асылбек Кулмырзаев өзүнүн куттуктоо сөзүндө: "Нооруз майрамы түрк дүйнөсүнүн, өзгөчө Орто Азиянын илгерки майрамдарынын бири. Ата-бабаларыбыздан мурас катары калган бул майрамга баарыбыз жаңы ой-тилек жана ниет менен кирели. Тилектердин эң башкысы мекенибизде тынчтык жана ачык асман болсун. Барждык түрк дүйнөсү жана бардык адамзаты үчүн токчулук жана тынчтык каалайбыз. Ар бий үйдө бакыт жана ар бир үйдө улууларга урмат болсун. Кыздарыбыздын жолу ачык, бактылуу болушсун. Уулдарыбыз эр жүрөк болушсун. Бардык иштерибиз ийгиликтүү болсун", - деди.

КР Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары Азамат Жаманкулов Нооруз майрамынын түрк дүйнөсү үчүн маанилүү майрам экендигин баса белгилеп: "Бул майрам жашообуздагы эң маанилүү майрамдардын бири. Анткени бүгүн дүйнөгө тазалыктын, жаңылануунун келген күнү. Бүгүнкү күндү жаңы жыл деп кабыл алып, жаңы ой-тилектер менен турабыз. Бул жаңы жыл мурдагыдан да жакшы, берекелүү, ынтымакка толгон жыл болсун. Айрыкча, "Манас" университетине ыраазычылыгымды билдирем. Мен да "Манас" университетинин бүтүрүүчүсү катары өлкөмө пайдалуу иштерди жасоого умтулуп келем".

Куттуктоолордон кийин студенттер салтка айланган сүмөлөктү даярдашты. Баба дыйкан батасынан кийин ар кайсы өлкөлөрдөн келген студенттер өз куттуктоолорун айтышты. Андан соң Дастан комузчулар тобу, Түрк эл бийи, Кавказ бийи, түрк элдеринин ырлары жана башка түрдүү таланттардын көрсөтүүсү программаны коштоду.



# Чанаккале руху КТМУда

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Чанаккале шейиттери жана улуттук гимндин автору Мехмет Акиф Эрсой эскерилди. 16-мартта уюштурулган эскерүү кечесине Түркиянын Бишкектеги элчилигинин кызматкерлери, ТКТР Бишкектеги консулдугунун кызматкерлери, университеттин окутуучулары жана студенттер катышты.***




***Алар мекен үчүн шейит болушту...***

Эскерүү кечесинде сөз сүйлөгөн КТМУнун ректору проф., докт.Себахаттин Балжы: «Биз Чанаккале жеңишин бир тараптан кубануу менен, экинчи тараптан терең кайгыруу менен өткөрүп жатабыз. Бул жеңиш чоң жоготуулардын арты менен келген. 15 жашка толо элек балдарыбыз каны менен мекендин топурактарын суугарып шейит болушкан. Орулган буудай сыяктуу кырылышкан. Баары эне сүтү оозунан кете элек боз балдар болчу. Алар мекенин, жерин коргоо үчүн, өз жеринин эркиндиги үчүн күрөшүшкөн. Бул күрөш тээ алмустактан бери эл уулдарынын жалпы адамзатка жасаган кызматты улантуу үчүн болгон күрөш», - деди.

***Бир бейитте...***

Проф., докт. Балжы андан ары сөзүн төмөнкүчө улантты: «Согуш бүткөндөн кийин Түркия Республикасы түзүлдү. Ошол учурда Австралиядагы ата-энелер «Чанаккаледе калган балдарыбыздын сөөгүн түрктөр эми эмне кылат болду экен?» деп абдан кыжаалат болушкан. Ошондо мамлекеттин түзүүчүсү улуу Ататүрк аларга мындай сөзүн жолдогон: «Азыр силердин уулдарыңар менен биздин уулдарыбыз бейитте жанаша жатышат. Энелер, аталар, кайраттуу болгула. Эч тынчсызданбагыла. Силердин балдарыңар эми биздин да балдарыбыз болду». Мына ушундан эле түрк элинин улуулугун, кең пейилдигин жана ырайымдуулугун көрүүгө болот».

***Мамлекеттин негизи күрөш, курмандык жана туруктуулук...***

Программанын жүрүшүндө Түркиянын Бишкектеги элчисинин орун басары Гөненч Агажыкоглу да сөз сүйлөдү. Агажыкоглу: «Мустафа Кемал Гази жана анын жолдоштору менен бирдикте, Чанаккаледе, Эгемендүүлүк үчүн болгон согушта, дүйнөнүн ар кайсы жерлеринде, террористтер менен болгон күрөштө, 15-июлдагы жана азыркы учурда Афринде каза болгон бардык шейиттерибизди дагы бир жолу урмат- сый жана ыраазычылык менен эскергим келет», - деди.

Эскерүү кечесинде Түрк Дүйнөсү оркестри тарабынан даярдалган «Чанаккале жана Баатырдык тууралуу ырлар» аттуу концерт өткөрүлдү. Андан соң студенттик кеңеш ушул күндүн маанисин ачып берген презентация уюштурду. Кеченин соңунда катышуучуларга «Чанаккале баатырларынын тамагы» тартууланды.

# Чоң мээнетти талап кылган кымындай эмгек

Кабар & Дизайн: Арген Надыркулов
Фото: Арген Надыркулов


Инжир данегине Алла Тааланын 99 аты жазылган эмгек


Дүйнөнүн эң кичинекей Кураны


Чачтын кылына жазылган "Бисмилла" аттуу эмгеги


Кумура менен коозолгон ийне

***Коркмаз Нежати дүйнөдөгү уч микро айкелчинин бири. Ошол эле учурда ал губари чебери да. Микро айкелчилерди башкалардан өзгөчөлөнткөн нерсе алардын жалгыз гана микроскоп же чоңойтуучу приборлордун жардамы менен айкел жасашканы. Бул айкелдер дүйнөдө адамдын колу менен жасалган эң кичинекей, уникалдуу жана кереметтүү искусство түрү. Искусствонун бул түрүнүн үстүнө жазылган жазуу ишин болсо губари искусствосу деп коюшат. Губари сөзү араб тилинен которгондо «чаң» дегенди билдирет. Губари чеберлери күкүм сыяктуу кичинекей жазуулар менен көзгө көрүнбөгөн кереметтерди жасашат.***



### Иштин сыры - сабыр

Нежати Коркмаздын губари чеберчилигине болгон кызыгуусуна чоң атасынын таасири чоң болгон. Ал кийинчерээк Анкара университетинин археология бөлүмүн бүтүргөндөн кийин, бул ишти профессионалдык деңгээлде жасоого бел байлайт. 35 жылдан бери ушул иш менен алектенген Коркмаз иш учурунда абдан чыдамдуу болуш керек экендигин баса белгилейт: «Иштин ар бир этабында өзгөчө сезимталдык, өтө дыккаттык, сабырдуулук жана тажрыйба керек. Кокустан бир аз калпыс шилтенген бир эле сызык же болбосо тез-тез денени кыймылдатып дем алуу да айлап-жылдап жасаган иштин таш-талканын чыгарат. Күкүм менен жасалган өтө майда иште ар бир күкүм да чоң маселе жаратышы мүмкүн. Жасаган иштеримдин көпчүлүгүн мүмкүн 100 жолудан кайра-кайра жасаганга туура келген күндөр болгон. Бул, албетте, көп убакытты алат. Мисалы, чачтын кылына тизилген 33 даана бермет ташка Аллахтын 99 ысмын жазган «Асма-уль-Хусна» аттуу эмгегимди бүтүрүүгө бир жылдык өмүрүм кеткен. Ал эми чачтын кылына жазган «Бисмиллах» жазуум 7 айда араң аягына чыкты».

### Калеми түлкүнүн муруту, күрөгү аарынын ийнеси

Дүйнөдөгү эң кичине Куран-и-Карим китеби, бириктирилген ийнеге тизилген шахмат топтому, янтарь ташынан жасалган 13 мм тесме, ийненин тешигине жасалган төө кербени жана дубана, бириктирилген ийнеге түшүрүлгөн Аясофия мечитинин макети Коркмаздын жасаган иштеринин бир учу гана. Коркмаз микроскоптун жардамы менен бири-бири ашып түшкөн эмгектерди үчүн катардагы материалдарды колдонбойт. «Казуу, боёо, жонуу, тегиздөө жана сырдоо иштеринде колдонгон материалдарды мен өзүм жасайм. Себеби булар эч жерде жасалбайт да, сатылбайт да. Материалдардын баары жандыктардан алынат. Мисалы, аябай кичине жазууларды жазуу үчүн жөргөмүштүн бутундагы кылды, бир аз дагы жоонураак жазууларды жазуу үчүн түлкүнүн мурутун, ал эми казуу үчүн аарынын ийнесин колдоном. Бул материалдарды алуу үчүн жаныбарларды атайын өлтүрбөгөндүгүмдү белгилей кетким келет. Болгону өлгөн жандыктарды таап ошолордон пайдаланам».

### Кезекте Гиннес рекорд китеби бар

Коркмаз губари искусствосунун акыркы мураскору катары өз ишине берилгендик жана чыдамдуулук менен иштөөнү улантып келет. Өзүнүн кыялдары аркылуу жараткан эмгектерин жыл сайын көргөзмөгө коёт. Ар бир эмгегин колдон чыгарар менен кайра кийинки кылар жаңы иши тууралуу ойлоно баштайт. «Мындан бир топ жыл мурда бермет ташынын сыныктарына жазууну максат кылган болчум. Аны бүтүрдүм. Азыр болсо тыттын уругуна жана чачтын кылынын учуна жазууну максат кылып жатам. Аны 6-7 айда бүтүрөм деп ойлойм. Айрыкча эгер колдоочу тапсам Гиннес рекорд китеби үчүн Түркияны тааныткан эң кичинекей китеп жазууну максат кылып жүрөм».

### Губари искусствосу жок болуп баратат

Байыркы замандарда көгүчкөн ташыган катта колдонулган губари искусствосунун келип чыгуу тарыхы аябай эски. Бирок бүгүнкү күндө губари чеберлери жок дегенчелик аз санда. Түркияда бул ишти аркалаган жападан жалгыз чебер Нежати Коркмаз да бул искусствонун келечеги тууралуу тынчсызданганын жашырбайт: «Жасаган ишим анча баалана бербейт. Кызыккандарга жан дилим менен үйрөткүм келет. Бирок, азыркы жаштар чыдамсыз, бир нерсени бат эле үйрөнүп алсак дешет. А бул иш дароо эле үйрөнүп ала турган иш эмес. Үйрөнүүгө көп жыл кетет. Азырынча бул иштин артынан түшкөн жаштар жок. Бир же эки жолу келип кийин жок болуп кеткендери бар. Ошондуктан, азыр бул өнөрдүн келечегин көрө албайм. Биз бул жактан өндүрүп, экинчи жактан түгөткөн доордо жашап жатабыз. Бул жагдай губари искусствосунун табиятына туура келбейт. Бирок, ошентсе да мен үмүтүмдү үзбөйм».




Кабар & Дизайн: Бекир Солмонов
Fotoğraf: Рамазан Чалайыр

# Акыркы үмүт – тилемчилик

***Тилемчилик жокчулуктун айынан жасалган иш. Тилекке каршы, же көчөдө, же таш жолдун так ортосунда, же мечит алдында алакан жайып кайыр сурап отургандарды бүгүнкү күндө көп жолуктуруп калдык. Кайыр сурагандын жанынан кээде боор ооруп карап, а кай бирде бейкапар өтүп кете беребиз. Кайыр суроо акча табуунун оңой жолубу же зарыктырган муктаждыкпы? Ага анчейин маани бере бербейбиз. Балким,ушундан уламдыр, кишинин көзүнө тартына карап кайыр сурап отургандарды кээде адамды алдап боор ооруткан айланы пайдаланып акча тапкысы келгендер сыяктуу көргөн учурлар болот?..***

***Жакшы турмушунан жокчулук тушаган көчөгө алпарган тагдыр***

Кайырчылыкка кесип катары эмес, муктаждыктан улам аргасыз барган эки адамдын окшош тагдырларын кезиктирдик. Андай тагдыр таркысын көтөрүп жүргөндөрдүн бири 18 жылдан бери кайырчылык менен күн көрүп келген Баха аттуу киши. Өзүн Баха деп атаган бул адам кейиштүү тагдырга жолукканга чейин кадыресе эле турмуш күткөнүн айтат: «Мен 23 жыл мурда ишкер болчумун. Үй-бүлөм, бир уулум бар болчу. Мен үйдө жалгыз бала болгондуктан, ата-энемдин үй-мүлкү да мага калган эле. Россияга алма ташып иштечүмүн. Бирок, тилекке каршы, иштер дайыма биз ойлогондой боло бербейт экен. Банкрот болдум. Өзүм жашап жаткан акыркы үйүмө чейин бардык мал-мүлкүмдү сатууга аргасыз болдум. Ошентсе да карыздардан кутула алган жокмун. Ошол учурда аялым уулумду алып, менден кетип калды. Ал Москвага кетти. А мен болсо бара турган жерим жок, көчөдө калдым».

Баха үчүн көчөдөгү жашоого көнүү оңой болгон эмес. Ал өзү аргасыздан кайрычылык кылып жан багууга туура келгенин айтат. «Үйүм жок көчөдө калдым. Башында кайыр сурабай, иштегенге аракет кылдым. Ар жерден чыга калган күнүмдүк жумуштарды жасап, нан таап жегенге аракет кылдым. Бирок көчөдө жашаш кыйын экен. Кыштын кычыраган суук күнүндө оң бутуму үшүккө алдырып алдым. Азыр мурдакыдай баса албайм. Эми иштегенге да болбой калды. Ошентип, күн көрүү үчүн аргасыз кайыр сураганга өттүм. Таң атар менен күнүм кайырчылык кылуу менен башталат. Тапканым курсагыман артпайт. Бирок ошол курсакты тойгузуу үчүн кээде өзүм сыяктуу кайырчылар менен тапкандарыбызды бөлүшүүгө туура келет. Бирок кайырчылардын арасында аргасыздыктан эмес, башка бирөөлөр үчүн иштегендери да жок эмес. Аларды эртеде менен кымбат машиналарда алып келипташташат да, кечиндеси кайра алып кетишет. Биз аларды тааныйбыз, бирок эмне кылмак эле, тааныганда».

***«Балдарымды багыш үчүн кайыр сурайм...»***

Керелден кечке көчөдө саргайып туруп кайыр суроо азаптын азабы. Тааныш-тууган көрүп, ар күнү намыстан өлүп калгыдай болсо да, айрымдарды кокодон алган жакырчылык аргасыз алакан жайдырат.


Мээрим аттуу аял да Баха сыяктуу жашоо үчүн кайыр сурагандардын бирөө. Бирок ал Бахадан айырмаланып, барчылык жашоонун даамын өмүрүндө татып көргөн эмес. Өмүр бою жандан өткөн жокчулуктун азабын тартып келатканын айтып зээни кейийт. «Жокчулукта, жетишпеген жашоодо чоңойдум. Жокчулуктан кутулуу үчүн турмушка чыктым. Бирок багым ачылган жок. Жолдошум ооруп калды, мен болсо төрт бала менен кыйын акыбалда калдым. Бутум тешилгенче иш издедим, какпаган эшигим калган жок. Бирок бирөөнөн да жардам көрбөдүм. Жолдошум каза болгондон кийин, арга жок кайыр сурай баштадым. Мен 11 жылдан бери көчөдө тилемчилик кылам. Тапкан акчам балдарымдын курсагына жана оорукканадагы оорулуу апамдын дары-дармегине кетет. Кайыр суроо оңой иш эмес. Уялып жерге кирип кетейин дейм, бирок тиленбесе аргам жок. Кечинде үйгө нан алып барбасам, балдарым ачка калат. Кээ күндөрү көчөгө чыкканга да дарманым калбай калат. Бирок балдарымды багышым керек. Муну көпчүлүк түшүнө бербейт. Кээде ушул абалымды көрүп туруп, жардам бермек түгүл, ачуу тилдеп, какыс-кукус кылып көңүл ооруткандар да болот. Чынында жардамга муктаж мен эмес, абалымды көрүп туруп жардам колун сунмак түгүл, ошол жаман мамиле кылгандар уялышы керек деп ойлойм».

Үмүт кедейдин наны деп коюшат эмеспи. Анынсыңарындай, күндө биз жанына өкөн тилемчилик менен күн көргөн кайырчылар да ар күнү кудайдан жакшылык тилеп, үмүттөн күдөрүн үзүшпөй жашап келишет. Баха жаңгактан, кара жыгачтан эмерек жасоо үчүн чакан эмерек ишканасынын болуусун кыялданат. Же көп мал кармап, жайлоого чыгып мал баксам дейт… Мээримдин бар үмүт-кыялы балдарынын бүгүнкүсү менен келечеги. «Алар окушсун, мендей болуп тиленип калышпасын» дейт көзү жашка толуп.







Кабар & Дизайн: Серхат Акбаш
Фото: Серхат Акбаш

***Түрк театрындагы белгилүү ысымдардын бири – Халдун Дорнен ысымы. Бул адам аткарган ролдору, койгон оюндары жана оргуштаган энергиясы менен театр сүйүүчүлөрдүн идолуна айланган. Холдун Донер бир эле учурда театр менен кошо окутуучу, директор, актер, котормочу болуп талбай иштеп келатат. 27-Март эл аралык театр күнүнө карата 90 жаш кутман курагындагы атактуу Халдун Дорнен менен театр тууралуу баарлаштык.***

# “Театр иш эмес, театр - бул жашоо”

***- Сиз үчүн театр эмне?***

Театр мен үчүн сүйгөн ишим гана эмес, а жашоомдун образы. Андыктан, бүтүндөй жашоомдун өзү – бул театр. Күн сайын ар башка шаарда бири-бирине окшобогон күндөрдү өткөрөм. Бош убактым боло калганда, досторум менен жолукканга аракеттенем. Музыка угууну абдан жакшы көрөм. Дайыма кыймылдуу, активдүү жашоодо жашайм. Мындай жашоо темпи менен чарчаганга да убактым жок.

***- Сиз дайыма бул дүйнөгө театр үчүн жаралганыңызды айтып келесиз. Дегеле театр дүйнөсүнө сүңгүп кирүүңүзгө эмне себеп болду?***

Эгер театр болбосо, эмне менен алектенеримди ушуга чейин эч ойлогон эмес экенмин. Башынан эле театр дүйнөсүнө умтулуп келгем. Чынында, бир гана театр эмес, шоу дүйнөсүндө өз ордумду тапкым келчү. Бул менин бала кезден берки тилегим эле. Театрды сүйүп аздектеп калышыма ар дайым адамдар менен мамиле кылууну жактырганым, адамга жакындыгым себеп болду десем болот. Өзүм башкалар менен чогуу иштегенди, пикир бөлүшүп, чогуу болгонду абдан жактырам. Менин ушундай мүнөзүм ийгиликке жетүүмө өбөлгө түздү окшойт. Театр бир кишинин гана иши эмес да, ал командалык иш. Мисалы, бири парданы туура эмес жапса, бири элдин кол чапканын уга албай калат же актер репликаны туура эмес сүйлөсө, диалог бузулат дегендей. Мына ошондуктан, Дорнен театрын эч качан меники деген жокмун. Антпени ал баарыбыздыкы. Мен ушундай биримдик менен жасалган ишти сүйөм.

***- Сиз өмүрүңүздө абдан көп ийгиликке жетиштиңиз. Айтсаңыз, ийгилигиңиздин сыры эмнеде?***

Түркияда менин өзгөчө ордум бар. Жашынан карысына чейин баары сыйлап, ардакташат. Ушул үчүн мен тагдырыма ыраазымын. Элдин сүйүүсүнө талбай иштеген эмгегимден тышкары, элиме болгон чексиз сүйүүм менен татыдым деп ойлойм. Көрүүчүмдү урматтап, аны сүйүп кызмат көрсөтүү мен үчүн өтө маанилүү. Өмүр бою адамдарга сүйүү берип, аларды шыктандырууга аракеттенип келатам. Мисалы, кайсы бир оюнда актерлорду таанибасам да, алардын телефон номурларын таап, чалып, сөзсүз куттуктайм. Мурдагы күнү Айдынга барып келдим. Көптөн бери көрө элек болчумун. Айдын сонун болуп өзгөрүлүптүр. Шаардын мэрине ыраазычылык катын жазып, ийгилик каалайдым. Мен үчүн бул нерселер абдан маанилүү.




***- Жашооңузда устаттарыңыз болдубу?***

Театр актерунун окуусун Америкада окудум. Ал жакта сүйүктүү мугалимим бар эле. Мени тарбиялаган киши ошол болду. Театр тууралуу бардык нерсени андан үйрөнүп, анын изи менен бастым.

***- Америкадагы билим кандай пайда келтирди?***

Америкадагы окуунун артыкчылыктары сыяктуу эле кемчиликтерин да көп көрдүм. Өзгөчө театрда жаңы иштей баштаганымда “Америкада эмнени үйрөнмөк элең” деп мага башкача карашчу. Мындан тышкары, бардар үй-бүлөдөн болгондугумдан улам, “байдын баласы” эртең эле театрды таштап салат деп да жүрүштү.

***- Түрк театрына кандай баа бересиз?***

Мурда театрдын башкы көйгөйү көрүүчүлөрдүн жоктугу болчу. А учурда Түркияда театрга келгендердин саны арбыды. Бүгүн театрдын жылдызы жанып турган чагы. Азыркы тапта Стамбулда 260тан ашуун театр жаш таланттар, жазуучулар жана чыгармачыл адамдарды тарбиялап жатат. Бул эң сонун көрүнүш. Алтымышынчы жылдары Кент, Дорнен жана Газинфер Өзханлар баштаган бир топ театр бар эле. Азыркы учур ал кездегиден да жакшы. Бүгүн биз 541-оюнду ойноп жатабыз, театр ичи толо эл. Ошондуктан, учурда түрк театрынын башкы көйгөйү театр залдарынын аз болгону. Андыктан, баарынан мурда оюн коюла турган залдардын санын көбөйтүү керек. Бүгүнкү күндө кээ бир өлкөлөрдө маданий борборлор, опера имараттары жок болуп баратат, бул коом үчүн өтө коркунучтуу нерсе.

Түрк театрларында болуп жаткан мени кубандырган көрүнүштөрдүн бири – жаштар ойногон спектаклдардин болгону. Жаштардын искусствого, театрга берилгендиги мактоого арзыйт. Муну менен катар ар түдүү маданий борборлордун ачылып, ал жерлерде актердук чеберчилик боюнча сабактардын берилип жатканы да көңүл жубатарлык жаңылыктар. Бирок албетте, бул иштер менен эле чектелип калууга болбойт. Театрды өнүктүрүү ишинин жоопкерчилиги мамлекеттин, театрдын жана коомчулуктун мойнунда болушу керек.

***- Учурда элдин табитине ылайык, азыркы заманга жараша популярдуу, бирок деңгээли андай жогору эмес маданий продукцияларды көрүп жүрөбүз. А сиздин эмгектериңиздин максаты кандай?***

Албетте, кандай долбоордун үстүндө иштеп жатсам да, көңүлүмдүн борборунда ар дайым көрүүчү турат. Бирок эл каалап күткөн нерсени эске алганым менен, аны биринчи орунга койбойм. Мисалы, акыркы учурларда эл жакшы көрөт деп комедиялык тасмаларды көп тартып жатышат. Мен комедия жөн гана күлдүрбөй, ойлондурсун дейм. Азыркылардын айрымдары акча үчүн гана жасалып жатат. Мындай фильмдер жалпы кино жана сериалдардын сапатын түшүрүп жатат. Ооба, искусство коомчулук үчүн болушу керек. Бирок, эстетикалык жактан алыстабашы керек. Мисалы, кайсы бир чыгармам коомчулукка көп тарабаганы менен, чыныгы искусствонун талабына жооп бергени үчүн “Алтын Апельсин” кинофестивалында 7 сыйлыкка татыды. Сапаттуу эмгек эч качан көз жаздымда калбайт.

***- Ушул 90 жаштын сересинен туруп, өткөнгө жана келечекке кандай карайсыз?***

Мен өмүрүмдө жасай турган нерсенин баарын ишке ашыра алдым. Айрыкча, театрга тиешелүүнүн баарын жасадым. Каалаган спектаклдеримди койдум жана азыркыга чейин коюп келатам. Дорнен театры жабылгандан кийин да көп эмгектендим. Артка кылчайып караганымда, ушуну жасабай калдым деп өкүнгөн нерсем жок. Жасаган иштериме ыраазымын. Жашоодогу философиям – эч качан артка кылчайбай алдыга умтулуу. Ошондуктан, келечекке ар дайым үмүт менен карайм. Алдыда мени дагы жаңы долбоорлор, жаңы иштер күтүп турат.



# Нооруздун шарты - Сүмөлөк

Кабар & Дизайн: Айсулуу Бекболсун кызы
Фото: Архив







***Батыштан чыгышка чейин басымдуу аймакта майрамдалган Нооруз майрамы ар кайсы жерде өзгөчө ырым-жырымдар, ритуалдар менен өткөрүлүп келет. Кыргызстанда да Нооруз сүмөлөксүз өтпөйт. Кыргыздар үчүн сүмөлөк жөн эле бир таттуу тамактын түрү гана эмес, ал молчулук менен берекенин символу болуп эсептелет.***

### Жокчулуктан молчулукка алпарган берекеттин символу - сүмөлөк

Сүмөлөктүн кантип пайда болгондугу, кандай жасалгандыгы тууралуу ар кандай таржымалдар бар. 51 жаштагы айым Гүлназ Ырысова сүмөлөк тууралуу төмөнкүлөрдү айтат: «Байыркы бир мезгилде он балалуу бир кембагал үй-бүлө жашаган экен. Бир күнү аталары каза болуп, балдары жетим калышат. Ошентип, балдарын эне байкуш жалгыз багып калат. «Курсагыбыз ачты, тамак жегибиз келип жатат» деп ыйлаган балдарын эптеп алаксытыштын амалын ойлоп, аял казанга от жагат. Казанга акыркы бир ууч буудайын салып, ага биртике суу кошот. Айласы куруган эне үйдө колуна эмне урунса, ошонун баарынан аз-аздан кошуп кайната баштайт. Казандагы тамак көбүрөөк көрүнсүн деп таш терип келип, аны да кошот. Өзөрүп отурган балдары тамак жейбиз деп аябай кудундашат, а эн байкуш эми кандай болот экен деп кыжаалатта болот. Тамактын бышышын күтүп жатып балдар бир оокумда уктап калышат. Түнү бою кудайга үнү жетип зар какшап көз жашын көлдөткөн аял да таңга жуук көзү илинип кетет. Таң атып, ойгонор менен шалдырап туруп казанынын капкагын ачат. Караса, түнү бою кайнаган буудай коюуланып, тамакка айланып калыптыр. Сүйүнгөн бойдон эне байкуш балдарын ойготуп, казандагы тамагын салып алдыларына коёт. Ач турган немелер үзүнүп жеп, жегени өзөгүнө түшүп кетпесин деп алдыларындагы тамакты чыпалагы менен жедирет. Ошентип ошол күнү бышкан тамактын берекелүү болуп, балдары ачкадан өлбөй аман калышат. Муну уккан айылдагылар аял жасаган ал тамакты сүмөлөк деп аташып, ыйык көрүп калышат. Ошол күндөн ушул күнгө чейин сүмөлөк берекенин символу катары бааланып келет».

### Сүмөлөк даярдоо иши бир ай мурда башталат

Нооруз майрамында даярдалып, молчулукту жана берекетти чакырган сүмөлөктү даярдоо иши чындыгында эле машакаттуу жумуш. Жыл сайын сүмөлөк бышырган 61 жаштагы Оролкан Койчиева сүмөлөктүн кандай даярдалаарын төмөнкүчө айтып берет: «Алгач сүмөлөк даярдоо үчүн керектеле турган буудайды бир айдай нымдуу жерде сакташыбыз керек. Аябай тазаланган буудай чакага салынып бир айча анын үстүнө суу себелеп турулат. Мынтип суу себелөө буудайдын өнүп чыгуусун шарттайт. Бирок буудайдын баары өнүп чыгуусу үчүн тыкыр көзөмөлдөп туруш керек. Анан буудай баары өнүп чыккандан кийин үстүндөгү жашыл чөптөрүн тазалап, жалаң тамырын алат. Тамырын кесип терең каптын ичине салып, эзип, суусун чыгарат. Эзилген буудай суусу менен тамырын бөлөк-бөлөк идишке салышат».

Өтө татаал болгон бул иш адатта айылдагы жашаган айыл-апалардын чогулуусу менен жасалат. Ноорузга бир күн калганда сүмөлөк бышырылат. Эң алгач казанга май куюлат. Анан майга ун салып куурул, аны казандан чыгарып алышат. Анан казанга суу куюп, ал кайнайын деп калганда, куурулган унду салат. Анын үстүнө аз-аздан эки күн мурда даярдалган буудай суусун куюшат. Бул учурда казанды эки киши аралаштырып турушу керек. Сүмөлөк кайнай баштаганда, отту азайтып, орточо ысыкта кайната баштайт. 3-4 сааттан кийин казанга 40 даана жаңгак кошулат. Жаңгактар сүмөлөктүн өңүн чыгарып, ага даам берет. Анан казанга 41 даана тазаланган таш салынат. Бул таштар казандын түбүнө күйүп кетпеши үчүн салынат. Түнкү он экилерге чейин кайноосу токтобогон сүмөлөктү даярдап жаткандардын эң аксакалы көзөмөлдөп турат. Сүмөлөктүн кайноосу бышкандан кийин демделет.

### Сүмөлөк салынган идишти бош кайтарбайт

Демделген сүмөлөктүн капкагы да өзүнчө ритуал менен ачылат. Көп жылдардан бери сүмөлөк жасап жүргөн 48 жаштагы Гүлүмбү Мырзабекова бул тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: «Кыргыздарда сүмөлөк ачуу салты аябай маанилүү. Сүмөлөк бышырууда жардам бергендердин баары казандын айланасына отурушат. Ак бата берилет жана сүмөлөктү бышырган эң аксакал киши казандын капкагын ачып берет. Ошентип, сүмөлөк тегерте таратылып берилет. Береке алып келсин деген жакшы тилек менен сүмөлөктөн ооз тие баштайт. Сүмөлөк менен үйгө келген береке кетпесин деп бошогон идиштин ичине таттуу же колдо болгонун салып берилет. Айрыкча, сүмөлөктүн ар кандай ооруларга шыпаа болоору тууралуу да ишеним күчтүү болгондуктан, дары катары оорулуу адамдарга жана карыларга берилет».

### Кемеге башында каалоолор айтылып, бата тиленет

Түнү бою сүмөлөк кайнатып жаткан учурда кайнаткан адамдар ар кандай каалоо-тилектерди айтышат, ушул жыл берекелүү жыл болсун деп бата кылышат. Элдин ичинде казан башында айтылган тилектер сөзсүз кабыл болот деген бекем ишеним бар. Гүлназ Ырысова сүмөлөк кайнаткан түндөрүнүн бири тууралуу төмөнкүдөй эскерет: «Айылда адамдар сүмөлөк кылына турган күнду чыдамсыздык менен күтүшөт. Казанды аралаштырып жатып тилек айтуу, дуа кылуу баарын толкундантат. Чоңдорубуз бул жерде эмне тилек тилесеңер кабыл алынат деп коюшат. Көпчүлүк учурда жаштар сүйүктүүлөрү менен бирге болууну, көп балалуу болууну тилешет. Тилекти үч жолу айтуу керек. Мен жылда бир эле тилекти айтчумун б.а., үч кызым болушун каалачумун. Азыр үч кызым бар».

*Курманжан датка кыргыз тарыхындагы маанилуу, өзун баатыр аял катары көрсөткөн эр жүрөк кыргыз аялы. Ал 1811-жылы Ош калаасынын жанында жайгашкан Мады айылында жарык дүйнөгө келген. Алтай кыргыздарынын башчысы Алымбек даткага турмушка чыккан. Жолдошунун өлүмүнөн кийин анын ордуна такка отурган кыргыз тарыхындагы алгачкы датка аял атанган. Анын башкаруусу учурунда ал бүткүл Орто Азия жана Орусияга таанымал болуп, урмат-сыйга ээ болду. Датка 97 жылдык өмүрүнүн 76 жылын өз өлкөсүнө арнаган. Курманжан датка өмүр бою өз душмандарына гана каршы эмес, аялдарга карата болгон ар кандай стереотиптерге каршы күрөшүп кыргыз тарыхына "Алай ханышасы" катары жазылды.*



Кабар & Дизайн: Айгерим Акылбекова

# Кыргыз тарыхын өзгөрткөн айым: Курманжан датка

### *Заманына жарашпаган чечим*

Датка тарбиялуу, акылдуу жана каада-салтты жакшы билген кыз болуп чоңоет. Анын үй-бүлөсү эл ичинде кадыр-барктуу эле. Бирок ошого карабастан, салт боюнча Курманжанды андан бир топ улуу кишиге күйөөгө беришет. Турмушка чыга турган жолдошун Курманжан тойдо биринчи жолу көрөт. Ал адам менен өмүр бою жашай албашын түшүнгөн Курманжан тойдон үч күн өткөн соң, атасынын үйүнө качып кетет. Ошол мезгил үчүн жана ошол аймак үчүн болочок датканын мындай кылыгы чоң баатырдыкты, эр жүрөктүүлүктү талап кылган.

### *Аял үчүн уюштурулган алгачкы расмий иш-чара*

Биринчи күйөсүнөн кеткенден кийин бир жылдан соң, Алай аймагынын Даткасы Алымбек Даткага 1832-жылы турмашка чыгат. 29 жыл бирге өмүр сүрүп алты уулдуу болушту. Курманжан Датка Алымбек Датканын айынан саясатка аралашты. Үй-бүлөлүк жашоонун алгачкы учурларынан баштап Алымбектин оң колуна айланат. Анын эл менен болгон мамилеси жолдошунун мыкты саясатчы болуусуна түрткү болот. Алымбек Датка 1862-жылы Кокон хандыгы тарабынан өлтүрүлүп, Маматбай кызы Курманжан Алай өрөөнүн башкарып калат. Ал дипломаттык мамиле куруу менен Кокон хандыгы баштаган бир топ хандыктар менен тынчтык келишимин түзүүгө үлгүрөт. Өз элин согуштан куткарган, бардык коңшулар менен тынчтык түзө алган Датканы бардык хандыктар таанып, кыргыз тарыхында биринчи жолу аялга арналган расмий иш-чара өткөрүлөт.

### *Адилеттик үчүн өз уулун да аяган эмес*

Датка бардыгы үчүн бирдей теңдик жана адилеттикти курат. Ага жакшы мисал катары адилеттик үчүн өз уулун курмандык чалганы бар. Датканын уулдарынын бири Камчыбектин үйүнөн мыйзамсыз жүргөн Оогангстандан келген 21 киши кармалып, Камчыбек кармалат. 1895-жылдын 3-мартында Камчыбек энеси Курманжан Датканын көзүнчө дарга асылат. Ошондогу Курманжан Датка көзүнө жаш албастан, уулуна кайрат берип, өлүмгө тике карап баатырларча ажалды тосууга дем бергени аңыз кепке айланып айтылып келет. Орусия императору Николай II Курманжан Датка үчүн алтын жана алмаздан атайын жасалган саат тартуулайт. Курманжан Датканын мындай чечиминен улам, ал бир четинен чоң сыйга татыса, экинчи тараптан ичинен кан кусуп сызат. Бул окуядан кийин ханыша саясаттан оолактап, Камчыбек коюлган Мады айылына барып туруп калат. Өмүрүнүн калганын катардагы адамдай жашап өткөн Датка 1907-жылы дүйнө салган.

### *Неберелери - анын эң чоң мурасы*

Датка тирүү кезинде эле 100 гө жакын небереси бар эле. Азыр алардын көпчүлүгү Ош, Бишкек, Өзгөн жана Кара-Суу аймактарында жашашат. Курманжан Датканын неберелеринин бири – Жаныбек Абдыкадыров. Мындай баатыр аялдын небереси болуу сыймык экенин айткан Жаныбек: "Анын небереси болгонум үчүн дайыма мага өзгөчө мамиле кылышчу. Мен анын небереси болгонум үчүн гана адамдар мени сыйлашар эле. Бул дагы Курманжан Датканын канчалык сыйлуу адам болгонунун далили. Бирок анын небереси болуунун жоопкерчилиги өтө жогору. Ар дайым анын татыктуу урпагы болууга аракет кылып келем. Чоң энем согуш ачпай, тынчтык жолу менен жашаса боло тургандыгын дүйнөгө далилдеген кыргыздын баатыр аялы. Ошол учурдагы кыргыз элиндеги аялдардын ордун ойлосок, энебиздин кылганы миф катары сезилет. Аны менен канчалык сыймыктансам да аздык кылат".



# Карате боюнча КР биринчилигинде КТМУ алтын медаль алды

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин коммуникация факультетинин коом менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн 1-курсунун студенти Канышай Балкыбекова Кыргыз Республикасынын чемпионатында карате боюнча 1-орунга ээ болду.***



**Кабар: Медиа Манас**

Ар жылы уюштурулуп келаткан Кыргыз Республикасынын чемпионаты бул жылы 24-25-март күндөрүнө туш келди. Аталган спорттук мелдеште карате боюнча 1-орунду алган Канышай Балкыбекова Азия оюндарына катышууга укук алды.

14 жашынан бери улуттук курамада мелдешке катышып келаткан спортчу Канышай Балкыбекова келечектеги пландары тууралуу бөлүштү. "Бул чемпионатка жыл сайын катышып келатам. Быйыл карате боюнча ийгиликке жетишип отурам. Атаандаштарым күчтүү эле. Ошондуктан санааркап жаткам. Спортчулар үчүн жеңилип калуу абдан оор да. Мен жеңилгим келген жок, болгон аракетимди жумшадым. Айрым атаандаштарым менден күчтүү болгонуна карабастан, жеңиш мен тарапта болду", – деди жаш спортчу.

# Коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн студенттери сыйлык алышты

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн студенттери Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде өткөрүлгөн «Жоогазын» аттуу коомчулук менен байланыш жана реклама фестивалында бир катар сыйлыкка татыктуу болушту.***



**Кабар: Медиа Манас**

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети тарабынан үстүбүздөгү жылдын 29-31-март күндөрү «Жоогазын» коомчулук менен байланыш жана реклама фестивалы болуп өттү. Аталган фестивалда Бишкектеги ЖОЖдордун коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмдөрүндө окуган студенттер негизинен "Илимий-практикалык конференция", "Коомчулук менен байланыш кампаниясын пландоо" жана "Социалдык ролик даярдоо" категорияларында жарышка түшүштү. Фестивалда Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн студенттеринин экөө 1-орунду, бирөө 3-орунду ээледи. Бөлүмдүн 4-курсунун студенти Улан Кубанычбек уулу «Афиша жасоо» категориясында 1-орунду, ушул эле курстун дагы бир студенти Нускайым Шермаматова «Эң жакшы креативдүү пикир» категориясында 1-орунду, 3-курстун студенти Айсана Касымова «Эң жакшы доклад» категориясында 3-орунду ээледи. Ошондой эле ушул эле бөлүмдүн студенттери Мехмет Өнен менен Алтынай Апазова да кызыктыруучу сыйлыктарга ээ болушту.

**• КТМУнун атынан гезит ээси**
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

**• Башкы редактор**
Проф. док. Хамза Чакыр

**• Басма сөз координатору**
Доц. док. Аслы Юрдигул

**• Жооптуу редактор**
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

**• Котормочулар**
Улук окутман, док. Регина Жаманкулова
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нарматова
Кенже илимий кызматкер Венера Наринова

**• Редакторлор**
Бану Эрдоган Чакар
Зеки Окйай

**• Дизайнер**
Равшан Абдуллаев

**• Дареги**
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164

"Рубикон" типографиясында басылды. Нускасы 2000
Тапшырык: №320

**• KTMÜ adına sahipleri**
Rektör Prof. Dr. Sebahattin Balcı
Rektör Vekili Prof. Dr. Asılbek Kulmırzayev

**• Genel Yayın Yönetmeni**
Prof. Dr. Hamza Çakır

**• Yayın Koordinatörü**
Doç. Dr. Aslı Yurdigül

**• Sorumlu Müdür**
Öğr. Gör. Dr. Gülzada Stanaliyeva

**• Çeviri**
Öğr. Gör. Dr. Regina Camankulova
Araş. Gör. Dr. Topçugül Narmatova
Araş. Gör. Venera Narinova

**• Editör**
Banu Erdoğan Çakar
Zeki Okyay

**• Gazete Tasarımı**
Ravşan Abdullaev

**• Yazışma Bilgileri**
KTMÜ İletişim Fakültesi
Cal Yerleşkesi, Bişkek
Tel +996 (312) 492756/1164
Yerel Süreli Yayın №320
"Rubikon" matbaasında 2000 adet basıldı.